1 6 3

**Заманбап эл аралык университеттин окумуштуулар кеңешинин отурумунун**

**№9 ПРОТОКОЛУ**

**19.04.2024**

**Катышкандар:**

1. ЗЭУнун ректору – ф.и.д., проф. М.Е. Дарбанов
2. ЗЭУнун 1 проректору - ю.и.к., проф. М.Маккамбай
3. ЗЭУнун профессору - ф.и.д. Б.Е.Дарбанов
4. ЗЭУнун профессору – ю.и.к., проф. Б.Маккамбай
5. ЗЭУнун мамлекеттик тил проректору – Н.М.Эсенова
6. ЗЭУКнын директорунун орун басары – ф.и.к., проф. Н.К. Алтынбаев
7. ОБ башчысы – доцент Е.Э. Ерке
8. ЗЭУнун баш.бухгалтери – Обора Н.Г.
9. АБ башчысы – М. Авдиева
10. АХЧ проректору – ф.и.к., проф. Макамбай Урмат
11. УжТИ проректору – К. Мамасалиев
12. Карьера борборунун жетекчиси – А. Эрматова
13. Сапат бөлүмүнүн жетекчиси – Т. Абдукахарова
14. Юрист, юриспруденция каф.башчысы – ю.и.к., проф. У.Ж. Юсупов
15. Тил каф.башчысы – ф.и.к., проф. А.А. Алымкулов
16. Англис филологиясы каф.башчысы – ф.и.к., проф. А.Т.Абдыкапаров
17. Англис филологиясы каф.баш.орун басары – Коконбай у. Н.
18. Информатика каф.башчысы – т.и.к., проф. А.А. Кошбаев
19. Экономика каф.башчысы – а-ч.и.к, проф. У.А.Суюндуков
20. Экономика каф.баш.орун басары – Абдуллаева Н.
21. Педагогики и соц-гум дисциплина каф.башчысы – п.и.к., проф. М.Б. Ризашова
22. каб.башчы. IT специалист – Абдраимов К.З.
23. Е-билим АСУ администратору – Абилов К.Б.
24. ОК катчысы – Эрматова А.Ж.

**КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕЛЕР:**

1. ЗЭУнун профориентациялык компаниясы жөнүндө

2. ЗЭУнун кафедраларынын рейтингин аныктоочу методдор

3. ЗЭУнун администрациясынын квалификациясын жогорулатуу боюнча

**УГУЛДУ:**

Окумуштуулар кенешинин отурумун окуу жайдын ректору, проф. М.Е.Дарбанов сөз сүйлөө менен ачып, 1 проректорго каралуучу маселелер боюнча айтып өтүү үчүн сөз берди. Биринчи каралуучу маселе боюнча ЗЭУнун профориентациялык компаниясы жөнүндө кабыл алуу комиссиясынын жоопту катчысы К.Мамасалиев сөз сүйлөө менен жаны окуу жылына карата кабыл алуу комиссиясынын иш планы иштелип чыкканын, профориентациялык иштер башталып, бардык район, шаарлардагы мектептер камтылганын, окуу жайдын профессордук-окутуучулар курамы активдүү катышканын айтуу менен жана кабыл алуу комиссиясынын курамы такталып жатканын белгиледи.

Талкууда ЗЭУнун 1 проректору М.Маккамбай ЗЭУнун профориентациялык компаниясы жөнүндө өз оюн бөлүшүп кетти жана иш-аракеттер так, даана коюлганын, иш аракеттер уюшкандыкта алып барып жатканын белгиледи. Окуу бөлүмүнүн башчысы Ерке Е.Э. да бул боюнча өз оюн айтып өттү. Бирок бир аз тактыкты талап кылуу менен жоопкерчиликтүү болууну сунуштады. Жана жогоруда айтылган сунушту колдоону айтып өттү.

Экинчи каралуучу маселе боюнча 1 проректору М.Маккамбай өз сөзүндө төмөндөгүлөргө токтолуп айтып өттү: окуу жайдын кафедраларынын ишмердүүлүгүн анализдөө – атайын түзүлгөн өз ара текшерүү комиссиясынын текшерүүсүнун натыйжасында келип чыкканын белгилеп өттү.

Ошондой эле 1 проректор окутуучулардын, кафедралардын жана борборлордун ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн баалоо боюнча жобо, окутуучунун портфолиосу жөнүндө жалпы маалымат берип, кароону жана бекитүүну сунуштады жана стратегияны жүзөгө ашыруу боюнча. жандандыруу - көйгөйлөрдүн бири экендигин айтып өттү.

Ошондой эле талкууга экономика каф.баш.орун басары Абдуллаева Н.А., адистер бөлүмүнүн башчысы Авдиева М.И., тил кафедрасынын башчысы Алымкулов А.А., англис фил.каф.баш.орун басары Коконбай у.Н. катышып 2023-2024-окуу жылында ЗЭУнун кафедраларынын рейтингин аныктоочу методдор боюнча колдоого алынаарлык иштер жүрүп жатканын айтып, аны андан ары да көбүрөөк жандандырууну колго алууну сунушташты. Сунушту бир добуштан колдоого алышты.

Үчүнчү каралуучу маселе ЗЭУнун администрациясынын квалификациясын жогорулатуу боюнча ректор, проф. М.Е.Дарбанов маалымат берип, окуу жайдын башкаруу тармагына кирген администрациянын квалификациясын көтөрүү менен, өнүгүп жаткан заманбап теъхнологияларды колдоно билүү, замандан артта калбоо биринчи кезекте экендигине басым жасады. Окумуштуулар кенешинде көтөрүлгөн жана каралган маселелерге олуттуу кароо менен токтомдор кабыл алуу менен буйруктар чыгарылганын, жана бул окуу жайдын ишмердүүлүгүно чон салым кошоору анык экендигин айтып өттү.

Талкууда юриспруденция каф.башчысы Юсупов У.Ж., Экономика каф.башчысынын орун басары Абдуллаева Н.А., информатика каф.башчысы Кошбаев А.А., жогоруда

айтылган баяндамага толугу менен кошулаарын жана ЗЭУнун администрациясынын квалификациясын жогорулатуу семинар-тренингдерин уюштурууну сунуш кылышты.

Сунушу бир добуштан колдоого алынды.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

1. ЗЭУнун профориентациялык компаниясы жөнүндө иш аракеттер бекитилсин жана кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы К.Мамасалиевге милдеттендирилсин.

2. ЗЭУнун кафедраларынын рейтингин аныктоочу методдор жактырылсын жана бекитилсин.

3. ЗЭУнун администрациясынын квалификациясын жогорулатуу боюнча семинар-тренингдер уюштурулсун же квалификация жогорулатуу курстарына катышсын.

4. ЗЭУнун кафедраларынын рейтинги жөнүндө

5. Окутуучулардын, кафедралардын жана борборлордун ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн баалоо боюнча жобо жактырылсын жана бекитилсин;

- ЗЭУнун кадрларын кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу боюнча ишке киргизилсин;
- Окутуучунун портфолиосу жөнүндө жобо жана бекитилсин

6. Көзөмөлдөө ректор Дарбанов М.Е калтырылсын.

Окумуштуулар кеңешинин
төрагасы: ____________________ Дарбанов М.Е.

Окумуштуулар кеңешинин
Катчысы: ____________________ Эрматова А.Ж.